**Улуттук банктын ноталары**
*(2017-жылдын июль айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) тарабынан төрт аукцион өткөрүлүп, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 41,2 пайызга төмөндөө менен 5,0 млрд сомду түзгөн.

Мында, суроо-талап сунуштан 69,3 пайызга арткан, ушуга байланыштуу 1,0 млрд сом суммасында 7 жана 28 күндүк ноталар боюнча кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн. Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү ай ичинде 10,2 пайызга көбөйүү менен 2,0 млрд сом өлчөмүндө калыптанган. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык, отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктарда үстөк ликвиддүүлүктү арылтуу максатында ноталардын сатуу көлөмү 7 жана 28 күндүк ноталар менен берилген, жайгаштыруулардын жалпы суммасы кошумча жайгаштырууларды эске алганда 5,9 млрд сомду (ай ичинде -12,6 пайызды) түзгөн.

2017-жылдын июль айынын жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдө ноталар көлөмү жыл башынан тартып 32,2 пайызга төмөндөө менен 3,6 млрд сомду түзгөн. 100,0 пайыз үлүшү менен (жыл башынан тартып +1,9 п.п.) коммерциялык банктар Улуттук банктын ноталарынын ээлик кылуучуларынан болуп саналган. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде сатуунун орточо аукциондук көлөмү ай ичинде 28,1 пайызга төмөндөө менен 1,2 млрд сомду түзгөн.

Ошентип, Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү ай ичинде 0,8 п.п. көбөйүү менен отчеттук мезгил ичинде 3,4 пайызды түзгөн. Бул 7 жана 28 күндүк ноталар боюнча кирешелүүлүктүн көбөйүшүнө байланыштуу болгон. Алсак, Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 2,8 пайызды (+0,7 п.п.) түзгөн. Мында, 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү эсептик ченге жакын пайыздык чектин алкагында жайгашкан. Ал эми пайыздык чендин жогорку чеги («овернайт» кредиттери боюнча чен) – 6,25 пайыз деңгээлинде, төмөнкү чеги («овернайт» депозитери боюнча чен) – 0,25 пайыз деңгээлинде пайыздык чендин чеги да сакталган. 28 күндүк ноталар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 4,0 пайыз деңгээлинде калыптанган (+0,4 п.п.).

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.08.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2016 | 2 000,0 | 1 976,6 | 98,8% | 23,4 | 1,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2016 | 2 000,0 | 1 986,2 | 99,3% | 13,8 | 0,7% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2017 | 5 244,0 | 5 142,4 | 98,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 101,6 | 1,9% |
| 01.02.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2017 | 3 511,0 | 3 511,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2017 | 3 555,0 | 3 555,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |